**«БЕКИТЕМИН»**
**Кыргыз Республикасынын президентине**
**караштуу Ж. Абдрахманов атындагы**
**мамлекеттик башкаруу академиясынын**
**ректору,**
**профессор Акматалиев А.А.**

_______________________

«10» 01 2025 ж

Асанова Кымбат Туратбековнанын 08.00.05 - тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн “Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу” темасындагы диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме - Кыргыз Республикасынын президентине караштуу Ж. Абдрахманов атындагы мамлекеттик башкаруу академиясынын «Экономика жана меденжмент» кафедрасынын

## ПИКИРИ

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Автор тарабынан тандалып алынган диссертациялык изилдөөнүн темасы абдан актуалдуу, себеби Бишкек шаарындагы мейманканалардын саны жылдан жылга өсүүдө жана туристтердин убактысынын 30% мейманканаларда өткөндүгү үчүн сунушталган кызматтары жана тейлөө сапаты жогорку деңгээлде болуусу шарт. Ал эми Кыргызстандын туризминде борбор калаанын ролу чоң болуп, өлкө жана кыргыз калкынын меймандостугу тууралуу эң алгачкы пикир Бишкектин мейманканаларында жайгашуунун натыйжасында калыптанаары талашсыз.

Улам барган сайын туризм индустриясы дүйнөдө тездик менен өскөнү жана туризмден түшкөн кирешенин 68%ын, ошондой эле туризм тармагындагы жумуш орундарынын 65% мейманкана бизнесине тийиштүү болгону, бул багыттын өнүгүүсүнө жана сапатына көңүл бурулуусун талап кылат. Бизнестин

КЫРГЫЗСКИЙ ЭКОНОМИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ имени М. РЫСКУЛБЕКОВА
Вх. № 283 « 13 » 01 2025 г.
Исх. №_____ «___» _________ 20___ г.
Подпись

мындай түрү меймандостук, тамак-аш жана турак жайларды ижарага алуу чөйрөсүндө тейлөө көрсөтүү менен байланышкан коммерциялык ишканалардын тутумун камтып, татаал башкаруу системасында иштин уюштурулуусун талап кылат.

Бишкекке келген туристтердин саны барган сайын арбып, 2023-жылдын маалыматы боюнча республикага алыскы чет мамлекеттерден туристтердин 52,9%, КМШ өлкөлөрүнөн келгендердин 29,5% борбор шаардын үлүшүнө туура келген. Ушундан улам мейманкана бизнесинин натыйжалуулугун жогорулатууда, иштердин кынтыксыз жүрүшүн уюштурууда жана бул татаал түзүмдө ишмердүүлүгүн жүргүзгөн мейманкана бизнесинин башкаруусунда бир катар көйгөйлөр келип чыгууда. Ошол эле учурда эл аралык тажрыйбага таянып, улуттук өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен бирге келип чыккан көйгөйлөрдү чечүү жолдору бул илимий иште каралып чыккан.

Диссертациялык иш Бишкек шаарынын мейманкана бизнесинин натыйжалуулугун жогорулатуу, тейлөө сапатын жакшыртуу, улуттук өзгөчөлүктөрдү туристтерге таанытуу жана мейманкана бизнесинин башкарылышын бир нукка салуу жаатында келип чыккан көйгөйлөрдү чечүүдө илимий жана практикалык жактан алынган натыйжаларды мамлекеттик органдар жана бизнес өкүлдөрү толук пайдаланышы мүмкүн.

2. **Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Бишкектин мейманкана рыногун өнүктүрүү, алардын натыйжалуулугун жогорулатуу, башкаруу процесстерин жөнгө салуу жана келечектүү багыттарын экономикалык нукта негиздүү иштеп чыгуу менен теориялык-методикалык жактан, ошондой эле практикалык сунуштарды даярдоо болуп саналат. Мындай максатка жетүү үчүн илимий иште төмөнкүдөй милдеттер коюлган:

1. Туризм индустриясынын мейманкана секторундагы өнүгүүнүн илимий-теориялык негиздерин изилдөө жүргүзүү;
2. Мейманкана секторунун учурдагы өнүгүү тенденциясын ар тараптуу изилдөө;

3. Мейманканаларда туристтердин калуу мөөнөтүн узартууга көмөк көрсөтүүнүн багыттарын аныктоо;
4. Мейманканаларды башкарууну жакшыртуунун моделин түзүү;
5. Бишкетеги мейманкана бизнесин өнүктүрүүнүн келечектеги багыттарын иштеп чыгуу;
6. Мейманканалардын ишин уюштуруу жана башкаруунун моделин иштеп чыгуу;
7. Мейманкана секторунун алкагында иштиктүү бизнес - долбоорун сунуштоо.

**3. Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы** – туризмдин мейманкана секторун өнүктүрүү боюнча теориялык жоболор, методиалык жана практикалык сунуштар иштелип чыкты.

Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкүдөй илимий натыйжалар алынды:

– туризм комплексинин алкагындагы мейманкана секторун өнүктүрүүнүн түпкү мааниси жана анын экономикадагы ээлеген орду теориялык жактан талданды;

– Бишкек шаарынын мейманкана секторунун потенциалдык мүмкүнчүлүгү, учурдагы өнүгүү тенденциялары, сапаттык көрсөткүчтөрү боюнча изилөө жүргүзүлдү;

– мейманканаларда келген туристердин калуу мөөнөтүн узартуу боюнча жүргүзүлгөн изилдөө иштеринин жыйынтыгы көрсөтүлдү;

– жергиликтүү калкты туризм жаатында ишке жайгаштырууну камсыздоо, ошондой эле уюштуруу системасын жана башкарууну жеңилдетүү максатында “холократия” уюштуруу системасы мейманкана бизнеси үчүн иштелип чыкты;

– Бишкектеги мейманкана бизнесин өнүктүрүүнүн келечектеги багыттары негизги көрсөткүчтөрү 2030-жылга чейинки аралык боюнча иштеп чыкты;

– мейманканалардын ишин уюштурууну жана башкарууну баалоонун моделинин үлгүсү даярдалды;

– келечекте чет өлкөлүк туристерди тартуу максатында капсул жана микро отелдери жана бозүй конушу категориясындагы мейманкана кызматтарын камтыган мейманкана комплексинин инвестициялык бизнес долбоору даярдалды.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги корутундулары жана сунуштары мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу органдары туризм саясатын жана региондук программаларын иштеп чыгууда, Бишкек шаарынын мейманкана секторун өнүктүрүү жана атаандаштык дараметин кубаттоого багытталган программалар менен концепцияларды калыптандырууда, ишке ашырууга, пландалган бизнес долбоорлордо, жергиликтүү жана чет элдик инвестицияларды тартууда пайдаланышы ыктымал.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары “Хаускипинг: башкаруу жана уюштуруу” окуу китебин, “Кыргызстандагы мейманкана ишканаларын жиктөө модели” менен “Кыргызстандагы мейманканалардын эко сертификация модели” монографияларын жазууда, ошондой эле, Кыргыз – Түрк Манас Университетинин Туризм факультетинин “Мейманкана ишмердүүлүгүн уюштуруу”, “Мейманканаларда кризисти башкаруу”, “Меймандостук индустриясында анимация кызматтарын уюштуруу жана башкаруу”, “Мейманкана ишмердүүлүгүнүн технологиясы” сабактарын өтүүдө колдонулууда. Андан тышкары, “Мейманканаларды башкаруу”, “Меймандостук индустрия маркетинги”, “Туруктуу туризм”, “Рекреация”, “Коомчулукка негизделген туризм” дисциплиналарынын лекцияларын даярдоодо, ошондой эле ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан мейманканалардын натыйжалуулугун жогорулатууда жана жаңы өндүрүм иштеп чыгууда колдонууга болот.

**5. Алынган натыйжалардын экономикалык маанилүүлүгү.** Диссертациялык иштин жыйынтыктары мейманкана индустриясынын өнүгүшүнө оң таасирин тийгизип, туристтик өндүрүмдүн жиктелиши менен

диверсификациялоосуна тиешелүү салым кошот. Ошондой эле, иштеп жаткан мейманкана комплекстеринин натыйжалуулугун жогорулатууда, социалдык-экономикалык маселелердин натыйжалуу чечилишине жана экологиялык жактан сезимталдыктын калыптануусуна да оң таасирин тийгизип, экономикалык жактан мааниси жогорулайт.

**6. Диссертацияны талкулоонун жүрүшүнөн келип чыккан кемчиликтер жана оош-кыйыштар.**

1 – диссертациялык иштин биринчи бөлүмүндө теориялык – методикалык жактан материалдар анчалык кеңири берилген эмес, ушул багытты кеңейтсе жакшы болмок.

2 – изилдөөнүн жыйынтыгынан көрүнүп тургандай, мейманкана бизнесин колдоо боюнча мамлекеттик саясат, ошондой эле аны ишке ашыруу боюнча изилдөө масштабдуу жүргүзүлгөн эмес.

Ушуга байланыштуу, автор сунуштаган "мамлекеттик башкарууну жөнгө салуу модели" менен гана чектелбестен мейманкана бизнесин шыктандыруу боюнча дагы изилдөөлөрдү жүргүзүп, мамлекетке "мейманкана бизнесин өнүктүрүү үчүн шыктандыруу программасын" иштеп чыгып сунуштаса, иштин сапаты дагы да жогоруламак.

3 – редакциялык катааларды жоюу жана колдонулган булактардын тизмесин Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын талаптарына ылайык келтирүү.

**7. Диссертациянын мазмунуна авторефераттын уңгусуна ылайык келиши.** Диссертациянын автореферат жана автордук басылмалары анын негизги мазмунун толук чагылдырат жана изденүүчү койгон максаттарга ылайык иштин толуктугун жана толуктугунун даражасын баалоого мүмкүндүк берет.

**8. Диссертациялык иштин Кыргыз Республикасында "Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө жободо" белгиленген критерийлерге ылайык келүүсү.**

К. Т. Асанованын “Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу” темасындагы жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөөсүнүн жогорку илимий баалулугун жана сапатын көрсөтүп турат.

Илимий иште жургүзүлгөн регрессиялык анализдин натыйжасында Бишкек шаарынын мейманкана бизнесинин туруктуу өсө турганы аныкталган жана Бишкектин 32 мейманканасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгында мейманканалардын тейлөөсүнүн сапатына терс таасир берүүчү факторлор аныкталган. Андан тышкары Бишкектеги ишмердигин жүргүзгөн мейманканалардын негизги көйгөйлөрүнүн катарында орун алган “туристтердин калуу мөөнөтүн узартуу” боюнча берген сунуштары бул илимий кызматкердин жогорку илимий даярдыгын жана илимий ишинин сапатын айгинелеп турат.

Диссертациялык иштин илимий-практикалык натыйжалары кандидаттык диссертацияларга “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө жобонун” таалптарына ылайык келет жана автору Асанова Кымбат Туратбековнага 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча илимдин кандидаты илимий даражасы ыйгарылууга татыктуу.

Диссертация боюнча берилген пикир Кыргыз Республикасынын президентине караштуу Ж. Абдрахманов атындагы мамлекеттик башкаруу академиясынын 2025 – жылдын 10 январындагы (№ 3 протоколу менен) кеңейтилген жыйынында талкууланган жана жактырылган.

Кыргыз Республикасынын президентине караштуу
Ж. Абдрахманов атындагы мамлекеттик башкаруу
Академиясынын э.и.д., профессору
«Экономика жана менеджмент» кафедрасы
башчысынын м.а.

Катчы

АДАМ РЕСУРСТАРЫН ӨНҮКТҮРҮҮ БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ РАЗВИТИЯ ЧЕЛОВЕЧЕСКИХ РЕСУРСОВ

А.Ч. Абдиеванын кол тамгасын тастыктаймын

**Асанова Кымбат Туратбековнанын 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн “Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу” темасыдагы диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме - Кыргыз Республикасынын президентине караштуу Ж. Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын “Экономика жана башкаруу” кафедрасынын 2025 – жылдын 10 – январынын №3 токтому**

**Төрага – э.и.д., профессор, Абдиева А. И.**

**Катчы - Тентимишова Г. К.**

**КАТЫШУУЧУЛАР:**

э.и.д., профессор, Абдиева А. И., э.и.д., профессор Жапаров Т. Т., Токтобекова М. А. э.и.д., профессор Абдынасыров У. Т., э.и.к., доцент Досалиев Б. А., э.и.к., доц. Макембаева К. И., с.и.к., доц.м.а., Окенаева М. Ж., э.и.к., доц.м.а., Жолонбаева А.Ж., ага окутуучу Тагайбекова Ж.Т., э.и.к., доцент Супатаева Н. Т., Тентимишова Г. К. - кафедранын менеджери.

**КҮН ТАРТИБИ:**

Асанова Кымбат Туратбековнанын 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн сунуш кылган “Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу” деген темадагы диссертациялык ишинин талкуусу.

**СҮЙЛӨШТҮ:**

профессор Жапаров Т. Т., Токтобекова М.А. э.и.д., профессор Абдынасыров У.Т., э.и.д., и.о. проф. Токторбаева К.А., Б.А., э.и.к., доц. Макембаева К.И., э.и.к., доц.м.а., Жолонбаева А.Ж., э.и.к., доцент Супатаева Н.Т. диссертациялык изилдөөнүн темаларынын актуалдуулугун, анын илимий жаңылыгын, алынган илимий жыйынтыктардын илим үчүн маанисин жана практикада колдонулушун,

ошондой эле кемчиликтерди көрсөтүп, көрсөтүлгөн иш боюнча сын-пикирлерин айтышты. Жыйынтыгында Асанова Кымбат Туратбековнанын диссертациялык ишин андан ары коргоо процессинен өтүү үчүн сунуштоо сунушун киргизишти.

Асанова Кымбат Туратбековнанын "Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу" деген темадагы диссертациялык ишин талкулоонун негизинде ачык добуш берүү.

**ДОБУШ БЕРҮҮ:**
«макул» – бардыгы
«каршы» – жок

**ЧЕЧИМ ЧЫГАРЫШТЫ:**
1. Асанова Кымбат Туратбековнанын "Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу" деген темада экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн эскертүүлөрдү жана сунуштарды эске алуу менен 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча кандидаттык диссертация коргоого сунушталат.
2. К. Т. Асанованын диссертациялык иши андан ары коргоо процедурасынан өтүүгө сунашталсын.

**Төрага: э.и.д., профессору**
**«Экономика жана менеджмент» кафедрасы**
**башчысынын м.а.** Абдиева А.И.

**Катчы: «Экономика жана башкаруу»**
**кафедрасынын менеджери** Тентимишова Г.К.